**Изденүүчү Муратова Айнура Муратовнанын «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик пикир**

Өткөн кылымдын 90-жылдары эгемендүүлүктүн деми менен билим берүү мекемелеринин ишин этномаданий негизде өркүндөтүүгө багытталган илгери демилгелерди иш аракеттер менен тастыктоо жагы кыйла артка чегинүүнү баштан кечирүүдө. Каралып жаткан диссертациянын автору адилеттүү белгилегендей мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин музыкалык-эстетикалык таалим-тарбия практикасына үстүрт байкоо салган адам деле улуттук музыканын үлгүлөрү жетишээрлик колдонулбай жүргөндүгүн, балдар тургай мугалимдер менен ата-энелердин да бул дөөлөттөргө карата кызыгуулары кыйла төмөн экендигин байкай алат.

Ошентип, элдин кылымдар бою өркүндөп, байып, тарыхый узак жолдо далай ирет иргелип, сыналган, салттуу музыкалык рух табериги бир жакта да, андан дээрлик алыстап бара жаткан мектепке чейинки мекемелери экинчи жакта. Автор ушул кейиштүү абалдан чыгуунун башкы себеби катары мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячы педагогдорун даярдоочу жогорку окуу жайларда, ошондой эле илимий адабияттарда аталган маселе үзүл -кесил каралып атайын системдүү көңүл буруунун обьектине айланбай келе жаткандыгын ар тараптуу фактылардын негизинде тастыктоого аракет кылган. Ошентип, диссертация жана авторефератта каралып жактан теманын актуалдуулугун далилдөөгө байланыштуу изилдөөчү тарабынан келтирилген аргументтер жетиштүү жана алар ар кандай эксперттерди ынандыра алат.

Диссертациялык изилдөөнү максатын - мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмунун, критерийлерин, деңгээлдерин, педагогикалык шарттарын аныктоо жана

алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү маселелери түзөт.

Коюлган максат жана жүзөгө ашыруунун этаптары катары белгиленген милдеттердин логикалык ыраатуулугу олуттуу сын-пикир айтууга мүмкүнчүлүк бербейт. Тескерисинче, милдеттердин ар бир пункту коюлган маселенин бардык аспекттен жаңы экендигине кошумча далил боло алат.

**Изилдөөчү диссертациясында илим жана практика үчүн актуалдуу төмөнкүдөй натыйжаларды жарата алган.**

**1- натыйжа**. Диссертациянын 1-главасынын 1-параграфында (10-39) автор түрдүү спектрдеги илимий адабияттарга таянуу менен улуттук музыканы элдик педагогикалык маданияттын маанилүү компоненти катары карап анын болочок педагогдорду даярдоодогу ордун жана функцияларын ачып берүүгө далалат жасаган. Бирок, диссертациянын жана автореферттын текстинде болочок педагогдорду даярдоодогу улуттук музыканын орду туралуу автордук корутундуларга караганда буга байланыштуу адабияттар анализи басымдуу орун ээлеп калгандай таасир калтырат.

**2- натыйжа.** Диссертациянын биринчи главасынын экинчи параграфында (39-52) мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери жана деңгээлдери илимий жактан негизделген. Диссертацияда бул кубулуштун компоненттерин түзгөн түшүнүктөрдүн ар бири чечмеленген. Ошондой эле мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери жана деңгээлдери маселеге тике тиешелүү адабияттарды, бул процесстин катышуучуларынын эмпирикалык пикирлерин, түшүнүктөрүн үйрөнүү багытында анкета жүргүзүп, эксперттик анализден өткөрүү, ошондой эле жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарттык талаптарын, калыптанган илимий концепциялардын жоболорун, реалдуу педагогикалык процесстин өзгөчөлүктөрүн талдоо аркылуу айкындалган.

**3- натыйжа.** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары айкындалган. Айкындалган шарттар таалим -тарбия кубулуштарын илимий педагогиканын тилинде долбоорлоонун талаптарына толук жооп бербеген менен болочок педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн адекваттуу туура аныкталганын белгилөөгө болот. Айрыкча – өз алдынча аткаруу боюнча тапшырмалар, тесттер системасы – улуттук музыканын аспаптык жана аваздык бөлүктөрү, комузчу, аткаруучулар, чоорчулар боюнча ар кандай булактардан окуу, билимдерин баютуу, чыгармаларды талдоо, ырларды жаттоо, класттер түзүү түрлөрү маселени практикалык өңүттө чечүүгө өбөлгө болоорунан шек саноого болбойт.

**4- натыйжа.** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилген. Эксперименталдык иштердин мазмуну өзү долбоорлогон программалардын кайтарымдуулугун текшерүүгө багытталып, автордун жеке өзүнүн катышуусу менен ишке ашырылган, эксперименталдык иштин натыйжалары сандык жана сапаттык баа өлчөмүнөн өткөрүлгөн.

**Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** *Толук жаңы эмес,* анткени мындагы мектепке чейинки педагогдорго билим берүүдө улуттук музыканын орду туралуу көз караштарды тариздөөдө автордук көз караштарга караганда изилдөөлөрдөгү корутундаларга таянуу басымдуулук кылат.

**2-натыйжа.** *Жаңы,* болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери жана деңгээлдери боюнча диссертант тарабынан алынган натыйжалар илимий билимдердин жаңы коруна кирет деп эсептөөгө болот. Биздин оюбузча бүгүнкү илимий билимдер корунда мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун ушундай кеңири контекстте кароо жагы жетишпейт.

**3-натыйжа.** *Жаңы,* мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун өнүктүрүүнүн автор тарабынан иштелип чыккан педагогикалык шарттары жогорку кесиптик педагогикалык билим берүүнүн теориясын жана практикасын өркүндөтүүгө негиз болгон жаңы билимдерге негизделген.

**4-натыйжа.** *Жаңы* Эксперименталдык–тажрыйба иштер автордун жеке катышуусу менен жүргүзүлүп натыйжалары илимий аналитикалык талдоого алынган. Алардын негизинде иштелип чыккан сунуштар негиздүү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун критерийлери, компоненттери бул адистикте иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары колдонулат. Изилдөөдөн алынган теориялык жоболор, жыйынтыктар, “Эстетикалык билим берүү (музыка)” курсу боюнча улуттук музыканы камтыган типтүү программа, ОМК, тапшырмалар сиситемасы, тесттер мектепке чейинки билим берүү адистигинде окуган педагогдор үчүн колдонулса болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө түзүлгөн улуттук музыканын үлгүлөрүн камтыган “Ырда, бөбөк” ноталык хрестоматия (270 б.) мектепке чейинки педагогдорду даярдоодо колдонууга сунушталат.

**Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Муратова Айнура Муратовнанын «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар жогорку окуу жайларда мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорун даярдоонун теория жана практикасын өнүктүрүүгө салым кошот деп эсептөөгө болот. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы изилдөөлөрдүн катарына кирет. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын тастыктайт.

**Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 20 макала жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт. Автореферат жана жарыяланган эмгектер толугу менен диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ага туура келет.

**Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:**

1. Диссертациянын компоненттеринин ортосунда айрым ажырым байкалат. Алсак, биринчи милдет диссертациянын мектепке чейинки мекемелеринин болочок педагогдорун кесиптик жактан даярдоодогу улуттук музыканын ордун айкындоого багытталган. Бирок, жогоруда белгиленибиздей ал маселени ачып берүүгө арналган диссертациянын 10-29 беттериндеги баалуу илимий маалыматтардын фонунда мектепке чейинки мекемелеринин болочок педагогдорун кесиптик жактан даярдоодогу улуттук музыканын орду толук ачылбай калган. Биздин

оюбузча бул параграфтын мазмунунда корутунду бөлүмүнүн 1 - пунктундагы тезистер кеңири ачыкталса жакшы болмок.

2. Диссертацияда аныкталган мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун шарттарын аныктоонун методологиясы жана методдору туралуу маалыматтар өтө эле кыска авторефераттагыдай тезистик мүнөздө берилип калган. Биздин пикрибизде натыйжалар натыйжага жетүүнүн жолдорун ачыктоо, чечмелөө аркылуу чындыкка айланат.
3. Биздин жеке пикирибизде калыптандыруучу эксперименттин натыйжаларын сандык жактан сыпаттоодо ашыра баалоого жол берилген. Алсак, эксперименталдык группада улуттук музыкага кызыгуусу жогорку даражаны көрсөткөн студенттердин саны 78,6%ке чейин өсүшү жана төмөн көрсөткүч 0% ке чейин азайганы күдүк суроолорду жаратпай койбойт.
4. Диссертация жана авторефераттын текстинде орфографиялык, граматикалык, стилдик каталар жыш учурайт. Ошону менен бирдикте диссертациянын рубрикацияларын диссертацияны техникалык жасалгалоонун талаптарына дал келтирүү шарт. М., параграфтар кичине шрифт менен жазылат. Айрым параграфтарды кыскача резюме менен камсыздоо зарыл.

Бирок, аталган кемчиликтер диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Муратова Айнура Муратовнанын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Жалпысынан изденүүчү Муратова Айнура Муратовнанын «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары" аттуу педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык

изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Муратова Айнура Муратовна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот. Орточо баллдардын суммасы 4,7 балл.

**Расмий оппонент:**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору, педагогика илиминин доктору** **Алимбеков А.**

**А. Алимбековдун колун тастыктайм:**